| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ТАМГА АЙЫЛ КЕНЕШИ | | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |

# ТОКТОМ

2024-жылдын «19» январы № 1 Тамга айылы

## 2024-жылга Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү, 2025-2026-жылдардын долбоорун жана 2023-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө

2024-жылга Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү, 2025-2026-жылдарга долбоорун жана 2023-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө Тамга айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы М.М.Байтерековдун жана финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Сыдыковдун кошумча маалыматтын угуп талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги I- сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы бекитилсин.

**2.** 2024-жылга айыл аймактын айыл өкмөтүнө келип түшкөн кирешелер жана чыгашалар № 1 тиркемеге ылайык 38096,3 миң сом, атайын каражат 1356,3 миң сом, баардыгы 39452,6 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**3.** Жергиликтүү бюджеттен 2024-жылга келип түшүүчү кирешелердин көлөмү № 2-тиркемеге ылайык 39452,6 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**4.** 2025-жылга бюджеттик долбоору № 3-тиркемеге ылайык 41078,9 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**5.** 2026-жылга бюджеттин долбоору № 4 тиркемеге ылайык 43552,1 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**6.** Жергиликтүү бюджетке 2024-жылга жайыт акысынан келип түшүүчү киреше жана чыгашалар 300,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

7. 2024-жылы өзгөчө кырдаалдар учуруна каралган бюджеттин 400,0 миң сомдон пайдаланылбай калса башка беренелерге жумшалсын.

**8.** Спорт оюндарына 600,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**9.** Айылдык кеңештин төрагасынын эмгек акысы жыл ичинде өткөргөн он алты сессияга 6500 сом жана социалдык камсыздандыруу фондусуна 1121 сом өлчөмүндө бекитилсин.

**10.** 2024-жылдын 1-кварталына (административдик-аймактык реформаны эске алуу менен) жергиликтүү бюджетинен эмгек келишимдин негизинде, иш кагаздарын алып баруучу адисин алуу үчүн эмгек акыга 44,3

миң сом, социалдык төлөмдөргө 4,0 миң сом баардыгы 48,3 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**11** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Социалдык чөйрө мекемелериндеги тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө" 2008-жылдын 15-январындагы № 7 токтому менен бала-бакчада 9-10,5 саат болуучу үчтөн жети жашка чейинки балдарга тамак-аштын акчалай нормасы бир күнгө 18 сом деп аныкталган, бирок тамак-аш азык-түлүктөрдүн баасы өсүп жаткандыгына байланыштуу, айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып акчалай нормасын бир күнгө 18-сомдон 30 сомго көтөрүлүп айылдык кеңештин № 5 токтому менен бекитилген. 2024-жылдын бюджетинде тамак-аштын нормасы бир күнгө 30 сом боюнча калтырылсын.

**12.** Жергиликтүү бюджетке киреше салыгы боюнча нормативдик чегерүүлөрдүн 85 пайыз өлчөмү айыл аймактарына калтыргандыктан менчиктин баардык түрлөрүндөгү ишканалардан, уюмдардын пайдасынан, атуулдардын кирешелеринен, юридикалык тараптардын алынуучу жер салыктардан, жерди кайра бөлүштүрүү фондусунан алынуучу ижара акыдан, юстиция органдары тарабынан алынуучу мамлекеттик пошлинадан жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү № 1 тиркемеде көрсөтүлсүн.

**13.** 2023-жылдан калган карыздар 2024-жылдын бюджетинен чектелген чыгымдардын эсебинен жабылсын.

**14.** Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн бюджетинде каралган кирешелердин жана жыл ичинде болуучу чыгымдардын иш чаралары толук өз багытында, акча каражаты 100,0 миң сомдон жогору болсо айыл аймактын айыл кеңешинин токтомунун негизинде үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу, айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**15.** 2024-жылдын бюджетине түшкөн кирешелер биринчи кезекте корголгон беренелерди каржылоого жумшалсын.

**16.** Айыл өкмөтүнүн башчысынын резервдик фондусу 390,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

**17.** Жергиликтүү бюджетке келип түшкөн атайын каражаттарын казынадан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын, казынадан тышкары пайдаланылган каражаттар болсо тиешелүү деңгээлде өндүрүлүп бюджетке алынышы айыл өкмөтүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**18.** Каржы Министрлигинен жыл ичинде бекитилген «Байчечекей» жана «Бугу Эне» мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемелеринин тамак-аш чыгымдарына атайын каражаттан 1391,3 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бекитилсин.

**19.** 2024-жылга бекитилген бюджеттин чыгымдар бөлүгү жыл ичинде муктаждыктарга карата кварталдан кварталга, статьядан статьяга, классификациядан классификацияга айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен которууга мүмкүндүк берилсин.

**20.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жана депутаттардын бюджеттик туруктуу комиссинын төрагасына жүктөлсүн.

**21.** Токтом 2024-жылдын 1-февралынан баштап күчүнө кирсин.

**22.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

**23.**Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.Баямановго жана депутаттардын бюджеттик туруктуу комиссиянын төрагасына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А.Букаров**

---

Жиберилди: иш кагаздарга-1, Тамга а/ө -1, райондук финансалык башкармалыгына -2, юстиция башкармалыгына -2;